# АПА, МЕН СИЗДИ ТАПТЫМ!



Автор: Нурия Умерова

Сүрөтчү: Арууке Исакова

Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

# АПА, МЕН СИЗДИ ТАПТЫМ!

Автор: Нурия Умерова
Сүрөтчү: Арууке Исакова
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Апа, мен сизди таптым!"(кыргыз тилинде), автор Нурия Умерова, сүрөтчү, Арууке Исакова, Абдыкерим Муратов тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Апа, я нашёл Вас!*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Кечинде Султандын атасы Мурат жумуштан келди. Күндө эле кийип жүрчү милиция формачан, колуна жол сумка көтөрүп алыптыр. Аны менен кошо, жоолук салынган, жупуну көйнөк кийген чоң эне кирди.

– Зина апа, өтүңүз, – деди Мурат.

Бөлмөдөн Султандын апасы Амина чыгып, мейманга таң кала карады.

– Келиңиз, отуруңуз. – Апасы чоң энени чайга чакырды.

Бейтааныш чоң эне унчукпай, чайын ичип жатты.

– Таанышып койгула, бул Зина апа, мурда биз кошуна элек. Эки күн мурда үйү күйүп кетип, биздин милиция бөлүмүнө алып келишти. Бара турган башка жери жок. Азырынча, биздикинде жашап турсун, – деди атасы.





– Түшүндүм, – деди апасы, – биз Зина апага жашай турганга шарт түзүп берели. Балдары бар бекен?

– Апанын балдары жок, туугандарын да таба албай жатабыз. Өкүнүчтүүсү, чоң эне эстөө жөндөмүн жоготуп койгон. Жашай турган жай табуу бир топ күнгө созулат. Апанын бүт документтери үйү менен кошо күйүп кетиптир.

Зина апа үшкүрүнүп коюп, кол жоолугу менен көз жашын аарчып жатканын Султан боору ооруп карап турду.

Арадан бир топ күн өттү. Зина апа кайгырып, дайыма телевизордун алдында отурат. Ал түнүчүндө коркунучтуу түштөрдөн чочуп ойгонуп, кыйкырып да жиберет.



Кээде, көчөгө чыкканда, адашып калат. Өзүнүн буюмдарын кайда койгонун унутуп коюп, издей берет. Апасы жумуштан келгенде, Зина апаны жаман ойлорунан алаксытуу үчүн сүйлөшө баштайт.

Бир жолу Султан мектептен келе жатып, үйгө жакындаганда, кандайдыр бир даамдуу тамактын жытын сезди. Көрсө, чоң эне картошка менен пирожки бышырып коюптур. Апанын жүзү кубанычтан албырып турду. Султан дароо эле пирожкиден бешти жеп койду.



Чоң эне Султандын кийими булганып калганын байкады.

– Сен  каяктан мынча чаң болуп алгансың? – деди Зина апа Султандын аябай булганып калган кийимдерин көрүп.

– Сабактан кийин, досторум менен футбол ойнодум, – деди Султан.

– Түшүнүктүү, кийимдериңди жууп коеюн, – деп чоң эне жылмайып койду.

Апасы жумуштан келгенде, Султан компьютерде отурган. Чоң эне телевизордон жаңылыктарды көрүп жаткан. Амина кол жууганы киргенде, суунун чоргосу жабылбай, ваннага суу толуп, ашып, пол да көлчүк болуп калыптыр.


– Ким чоргону бекитпей койгон!? Апа, сизби!? – Амина кабагын бүркөй сүйлөдү.

– Ой! Мен... Султандын кийимдерин жууп коеюн дегем... Сууну токтотконду унуткан турбаймынбы! – деди Зина апа өзүн күнөөлүү сезип.

– Эх, апа! Сиз кийимдерди кир жуугуч машинкага эле салып койсоңуз болмок, – деп Амина үшкүрүндү.

– Машинканы колдонгонду билбейм да. Кечир, кызым… – деди чоң эне көзүн качырып.

Амина унчукпай, пол жууганга киришти.





– Зина апа баарын  унутуп калат экен! Бүгүн ал үйдү суугa каптатып жибере жаздады. Эми качан ага жашай турган жай таап бересиң? – деп апасы атасына сүйлөндү.

– Жакында… – Атасы өзүнө ишенбегендей жооп берди. – Чоң эненин документтерин калыбына келтирип анан карылар үйүнө орноштурсак болот. Ушундай учурда, чоң энеге биздин жардамыбыз керек. Ансыз деле, ал кишиге оор болуп жатат. Сабырдуу болуп, түшүнүү менен мамиле жасайлы.

Зина апа таза, тыкан эле. Үйдөгү жумуштарга жана Султандын кыргыз тил сабагын даярдаганга жардам берет. Гамбургер, сэндвич, конфет жана газдалган суусундуктар зыян экенин түшүндүрүп берди.



Зина апа Султандын кыжырына тийчү болду. Үйдөгү буюмдардын ордун алмаштырып салат. Мобилдик телефон менен да сүйлөшө албайт. Кандай жардам керектигин онтолоп Аминадан сурайт.

Тажатты! Биздин үйдөн батыраак кетсе экен деп Султан ойлоно баштады.

Убакыт өтүп, унутчаактыгына жана үшкүрүнө бергенине карабай, Зина апа алардын үй-бүлө мүчөсүнө айланды. Анын камкордугуна, акырын сүйлөгөнүнө жана жасаган даамдуу тамактарына көнүп калышты. Апанын да көңүлү ачыла баштады. Султан өзүнүн көргөн-билгендери тууралуу апага айтып берет. Сүйлөшүп отурушат, кээде чогуу күлүп калышат.



Бир жолу Мурат аялы, уулу менен жеке отуруп сүйлөштү. Атасы бир жумадан кийин, Зина апанын кете турганын айтты.

– Эртең үйгө доктор келип, апаны дарылап баштайт. Султан, биз үйдө жок болгондо, Зина апага сен жардам берип тур, – деди атасы.



Апасы ойлонуп, Султан болсо капаланып калды. Зина апа кетсе, пирожкилерди ким бышырат? Сейил бакка ким менен барам? Мен жанында болбосом, апа адашып, жоголуп кетет деген ойлор Султандын тынчын алды. Көңүлүн чөгүп, апанын кетишин каалаган жок.



Бүгүн Султан эрте ойгонду. Зина апа менен учурушып, даамдуу эмне бар экенин билгиси келип, ашканага кирди, Зина апа жок экен. Султан башка бөлмөлөрдөн издей баштады, апанын сүйүктүү креслосу да бош турат. Султан коркуп кетти.

– Зина апа-а-а! Апа, Зина апа үйдө жок экен!

– Акырын! Эмне болду? – деп сурады апасы.

– Зина апапа кетип калыптыр… – Султан ыйлап жиберди.

Апасы атасына телефон чалып, үй-бүлөсү менен чоң энени издеп чыгышты. Эч жерден таба алышкан жок. Апасы менен Султан жашаган жерди бүт айланып карап келишти. Атасы Зина апаны издөө үчүн милициянын патрулун жиберди.



Султандын көңүлү чөктү. Зина апа экөө күндө барып жүргөн сейил бак эсине түштү.

– Мен апанын кайда экенин билем! – деп Султан кыйкырып жиберди.

Ал сейил бакты көздөй чуркады, артынан атасы менен апасы да жөнөдү.

Парктын ичиндеги отургучта Зина апа баягы жол сумкасы менен отуруптур.

– Апа-а-а, мен сизди таптым! – Султан сүйүнүп кыйкырып жиберди. Чуркап барып, кучактап калды. – Апа, бизден кетпеңиз!

– Балам, мен кетишим керек. Силерге ыңгайсыздык жаратып жатат окшойм, – деди апа көз жашын аарчып.

– Апа, биз менен жашай бериңиз. Сиз да биздин үй-бүлөнүн мүчөсү болдуңуз, – деди Мурат.

– Зина апа, бизди кечирип коюңузчу! Сиз бизге керексиз! – Амина да сөзгө кошулду.

Чоң энени кетпегенге көндүрүштү. Атасы медициналык борбор менен сүйлөшүп, айына бир жолу Зина апаны дарылатып турууга макулдашты.



Чоң эне дарылануудан келгенде, үй-бүлө аны кубануу менен тосуп алат. Сүйкүмдүү жана мээримдүү Зина апа күндүз үйдө болуп, кечинде Султан менен сейилдөөгө чыгып келет. Апа ырдап да коёт, жыты буркураган чай демдейт, печенье жасайт жана күлкүлүү окуялардан айтып берет.

Зина апаны баары өз энесиндей жакшы көрүп калышты. Аны менен үй толуп, шаңга бөлөнүп турат.

Эми Султандын сүйүктүү чоң энеси бар.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Нурия Умерова
Сүрөтчү: Арууке Исакова
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

USAID "Окуу кереметˮ!"
долбоору Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли